2 жума өткөндөн кийин биз эс алууга кеттик анткени бул жактын 1-экзамени башталып биз бошодук 2 жума китеп канасы менен таанышып, сабактар тууралуу бизге чейинки отулгон темалар менен таанышып окудук. Ошентип алардын экзамендери да бүтүп кайра окуу башталды сабактар мурдагыдай эле өтүп жатты. Бул арада биз инстутубуз ТСУББИ жиберген белекти Табигый илимдер факултетинин деканына тапшырдык, сабактарыбыз тууралуу, кандай өтүп жатат, кыйынчылыктарыбыз тууралуу пикир алыштык.

3 жума окуганыбыздан соң чет өлкөлүк студенттердин сынагы башталып 2 жума тапшырдык алгачкы 1 ай гана окуп сынак берүүбүз бир аз оор болду бирок ийгиликтүү бере алдык. Кайра 3 жума окуганыбыздан соң 6-январдан 13-январга чейин 2-Финал экзамен башталды. Мурдагы сынактарда Хитит университеттин студенттери менен башка кирсек бул жолу университет студенттери менен бирге кирдик. Биздин экзамен берип жаткан учурубуз.

Экзамендин өтүү шарттары баары бир чоң аудиторияга кирип ар бир студент бирден партага отурат. Студенттик кординаторлор карап турат, кайсы сабактан тапшырсан ошо сабактан берген мугалим келет да суроолорду берет. 2 же 3 суроо берет өткөн тема боюнча ошол боюнча жазасын, бүткөндөр чыгып кете берет. Ал эми студенттер студенттик номери менен каалаган учурда интернет баракчасына кирип өзүнүн алган балдарын жана бааларын карай алышат. Ал эми экзамендер системасын айта кетсек 8 баскычтуу упайлык баалоо бар, 1-виза экзаменден алган балындан 40% экинчи Финал экзаменинден алган балдан 60% алынып экөө кошулуп орто баа чыгат. Жогорку бал алгандар өтөт, төмөн баа алгандар кайра мини сессияга калат, ага өзүнчө бир жума убакыт бөлүнөт, андан да өтпөй калсан кийинки жылы ал сабакты бир жаш кичүү курстар менен кайра окуйсун бирок ошол эле сабакты.. Жогорку бал алгандар стипендия 300лир биздин акчага 7000ом алышат, ал эми каалаган студент кайрылып стипендия алып жашай алат, аны кийин окууну бүтүп, жумушка орношкондон кийин төлөп бересин. Контракт деген түшүнүк жок. Окуу жайга тапшыруу болсо өздөрүнүн чечими менен болот. ОРТ дан алган балына карата. Борбор шаардан кичи шаарларга келип окуй алышат.

Борбордук китепканасы Табигый илимдер факултетинде жайгашкан. 67 мин китеп, 42 миң булактар, макалалар бар. Китеп көптүгүнөн атайын коьпютерлер турат алардан келип издеген китептериди атын авторун жазсан кайсы катаолгдо экени чыгат, өзүн алып окуй бересин. Окуу залы бар. Атайын компютерлер турат алардан номеринди жазып кирип сабак карай аласын. Атайын Университеттин фабрикалары бар экен, өз бюджеттерин өздөрү жеңилдетет экен. Университтин филиалдары ар жерде жайгашкандыктан атайын маршурттар саат сайын алардын арасында каттап турат бекер. Эгер студенттин башка факултеттерде иши болсо бекер жете алат, ишин бүтүрө алат.

Хитит университетинде окуган чет өлкөлүк студенттер Ректордун демилгеси менен 26-декабырь күнү өз элинин маданиятын таанытуу аттуу чоң концерт болуп өттү. Бул концертибиз чорум элине жакшы маанай тартуулап бүт Чорум шаарындагы башкаруучулардан тарта жөнөкөй адамдарга чейин келип көрүштү. Алардын ичинен кыргыздар эң биринчи коюп, баарынын кызугуусун арттырдык, өзүбүздүн маданиятыбызды көргөзүп, улуттук бий, ыр жана манас айтып андан соң Ч. Айтматовдун Маңкурт чыгармасын сахналаштырдык. Кыргызстан атту ырыбыз менен жыйынтыктадык. Андан соң башка студенттер коюшту. Теле канал тартып бүт Түркия калкы көрө алышты. Бир жума өткөндөн кийин Ректор корпусуна чакырып сый тамак үстүндө сыйлоо баракчасын тапшырды. Келерибизге бир күн калганда Чорум теле каналына чакырып интервю бердик . Мында окуп жаткан максатыбыз, эмне жакшы жакты алдык жана башка ушулар тууралуу баяндадык.

**УДК. 371. 015**

**Рыспаева Ч. К.**
**Аспирант, И. Арабаев атындагы**
**Кыргыз мамлекеттик университети,**
**Бишкек ш., Кыргыз Республикасы,**
e-mail:cholponram@mail.ru

## МОТИВДЕР ТУУРАЛУУ ТҮШҮНҮКТӨРГӨ ТЕОРИЯЛЫК АНАЛИЗ

**Аннотация:** макалада мотив деген эмне, кандай мотивдер болот жана педагог катары окуучуларды инсан кылып калыптандырыш жана өнүктүрүш керек болгон учурларда кандай мотивдердин түрлөрү бар деген суроолорго жооп издедик.

***Өзөктүү сөздөр:*** *мотив, мотивация, мотивациянын түрлөрү, окуу мотивациясы, максат.*

## ТЕОРЕТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ПОНЯТИЯ О МОТИВАХ.

Аспирант, Кыргызский государственный университет
им. И. Арабаева, Бишкек, Кыргызская Республика,
e-mail:cholponram@mail.ru

**Аннотация:** в данной статье мы попытались разобраться в вопросе, что такое мотив, какие бывают мотивы и какие виды мотивов необходимы педагогу для формирования и развития личности учеников.

**Ключевые слова:** мотив, мотивация, виды мотивации, учебная мотивация, цель.

## THEORETICAL ANALYSIS OF THE CONCEPT OF MOTIVES.

Ryspaeva Ch. K.
Graduate student, Kyrgyz State University n.a. I.Arabaev,
Bishkek, Kyrgyz Republic, e-mail:cholponram@mail.ru

Abstract: in this article, we tried to understand the question of what a motive is, what motives are and what kinds of motives a teacher needs for the formation and development of the personality of students.

Keywords: motive, motivation, types of motivation, educational motivation, purpose.

Окуучунун аракетин туура баалоо үчүн, ал аракеттердин мотивин түшүнүү зарыл, бирдей эле максаттарга
жетиш үчүн, сыртынан бирдей эле аракетти жасаган учурда дагы алар ар түрдүү болушу мүмкүн.
Мотив жана максат деген түшүнүктөрдү ажырата билиш керек. Максат – бул адам тарабынан элестетилген
жана баамдалган көрө билген жыйынтык. Мотив – максатка жетүүнү ойготуу.
Психологдор тарабынан ишмердүүлүктүн мотивдери суроолору боюнча, анын ичинен окуу
ишмердүүлүгүнүн мотивдери боюнча көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Л. И. Божович жана анын
кызматкерлери жана жолун жолдоочулары көп убакыттан бери окуучулардын мотивдерин иликтөөдө.
Окуучулардын окууга болгон мамилелерин изилдеп жатып, Л. И. Божович бул мамилелердин психикалык
маңызын ачып берүүчү бирден бир маанилүү учурлардан болуп «окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн
аныктаган мотивдердин жыйынтыгы»экендигин аныктады [1].
Окуу мотивдеринин түрлөрү:
1. Таанып билүүчүлүк жана социалдык мотивдер.
Таанып билүүчүлүк мотивдер окуу процессинин мазмуну жана анын аткарылыш процесси менен байланыштуу.
Бул мотивдер окуучулардын жаңы билимдерге, окуу көндүмдөрүнө ээ болууга багытталгандыгынан кабар
берет. Билимдерге болгон кызыгуунун тереңдиги: жаңы кызыктырарлык фактыларга, кубулуштарга,
кубулуштага таандык олуттуулукка, биринчи дедуктивдик жыйынтыкка, мыйзам ченемдүүлүкө жана
тенденцияларга, теоретикалык принциптерге, өзөктүү идеаларга ж.б. байланыштуу аныкталат.Таанып
билүүчүлүк мотивдер окуучулардын өз алдынча билим алууга умтулуусун, табуунун ыкмаларын өз алдынча
өркүндөтүүгө багытталгандыкты чагылдырат.
Адам билим ал үчүн кандайдыр бир мааниге ээ болгондо гана билимин байытат. Мектептин бирден бир
маселеси – бала өзү аларды окуп жана эстеп калууну каалагандай кылып, сабактарды кызыктуу жана жандуу
формада окутуш керек. Китеп боюнча гана жана маектешүү аркылуу үйрөнүү дээрлик чектелүү. Эгерде
сабакты чыныгы жагдайга карата үйрөтсө, тереңирээк жана тезирээк максатына жетет.
Социалдык мотивдер окуучунун башка адамдар менен социалдык карым катышынын түрлөрүнө
байланыштуу.Мисалы: билим алууга умтулуу, коомчулукка пайдалуу болуу, өзүнүн милдетин аткарууну
каалоосу, окуш керек экендигин түшүнүү, жоопкерчилик сезими. Муну менен катар эле социалдык
керектүүлүктү,милдетти жана жоопкерчиликти түшүнүү, кесипти тандоого жакшы даярданууга умтулуу
мотивдеринин мааниси зор.Дагы социалдык мотивдерге айлана чөйрөдөгүлөргө карата белгилүү бир
позицияны ээлөөгө умтулуу, алардын макулдугун алуу, авторитетке ээ болуу менен түшүндүрүлгөн көз
караштык деп аталган мотивдер кирет. Көз караштык мотив ар түрдүү өзүн-өзү бекемдөөгө – лидердин ордун
ээлөө, башка окуучуларга таасир этүү, жамаатта үстөмдүк кылуу ж.б. аракеттери болушу мүмкүн.
Таанып билүүчүлүк дагы жана социалдык дагы мотивдер ар түрдүү деңгээлде болушу мүмкүн.
Таанып билүүчүлүк мотивдердин төмөнкүдөй деңгээлдери бар: кеңири таанып билүүчүлүк мотивдер (жаңы
билимдерге — фактыларга, кубулуштарга, мыйзам ченемдүүлүктөргө ээ болууга багыт алуу), окуу- таанып
билүүчүлүк мотивдер (билимди табуунун ыкмаларын өздөштүрүүгө, өз алдынча билим алуу ыкмаларына багыт
алуу), өз алдынча билим алуу мотивдери (кошумча билимдерди алууга жана андан кийин өзүн-өзү өнүктүрүү
атайын программасын түзүүгө багыт алуу).
Социалдыкмотивдердин төмөнкүдөй деңгээлдери бар болушу мүмкүн:кеңири социалдык мотивдер (милдет
жана жоопкерчилик, окуунун социалдык маанилүүлүгүн түшүнүү), кууш социалдык жекөз караштык мотивдер
(айлана чөйрөдөгүлөргө карата белгилүү бир позицияны ээлөөгө умтулуу, алардын макулдугун
алуу),социалдык кызматташтык мотивдери (башка адамдар менен карым катнаштын ар түрдүү ыкмаларына
багыт алуу).
Ар түрдүү мотивдер окуу процессинде окшош эмес сезилет.
Маселен, кеңири социалдык мотивдермаселелерди чечүүдө, мугалимге кошумча маалыматтар менен
кайрылууда; окуу- таанып билүүчүлүк —чечүүнүн ар түрдүү ыкмаларын табуу үчүн өз алдынча иш аракетинен
иштин ар түрдүү ыкмаларын салыштыруу тууралуу мугалимге суроолорунан көрүнөт; Өз алдынча билим алуу
мотивдери окуу эмгегин туура уюштуруу тууралуу мугалимге кайрылуусунан; өз алдынча билим алуу үчүн
чыныгы иш аракетинен байкалат.
Социалдык мотивдер окуучу тарабынан милдет жана жоопкерчиликти түшүнгөндүгүн айкындоочу иш
аракеттеринен көрүнөт; көз караштык мотивдер— теңтуштары менен байланыш түзүүгө умтулууда жана
алардын баасын алууда, жолдошторуна жардамга келүүсүнөн көрүнөт;социалдык кызматташтык мотивдери–
жамааттык ишке умтулуудан жана аларды ишке ашыруунун туура ыкмаларын баамдоодон көрүнөт.
Өзүбүз көргөндөй, балдарда ийгиликтүү окуу ишмердүүлүгү үчүн таанып билүүчүлүк да жана социалдык д
мотивдер калыптанышы зарыл. Бирок бул мотивдердин деңгээлин көтөрүү, эң жогорку бийиктиктерге умтулу
зарыл.
2. Сырткы жана ички мотивдер.
Эгерде белгилүү бир ишмердүүлүктү жогорулатуучу мотивдер болсо (биздин учурда — окуу процессі
аны менен түз байланышпаса, бул ишмердүүлүккө карата аларды сырткы деп аташат. Эгерде окуу процес
менен түздөн-түз байланышып турса аларды ички деп аташат. Окуунун мотиви өз алдынча таанып билүүчүл
иште – ички болушу же чоңдорго жардам берүүдө сырткы болушу мүмкүн. Ички мотивдер төмөнкүде
ишмердүүлүк процессине кызыгуу, ишмердүүлүктүн жыйынтыгына кызыгуу, өзүн өнүктүрүүгө умтул
өзүнүн кандайдыр бир сапаттарын, жөндөмдүүлүгүн өстүрүү.Сырткы мотивдер ишмердүүлүк милдетт
жоопкерчиликтин күчү менен ишке ашырылганда, теңтуштарынын арасында белгилүү бир даражага же
үчүн, үй-бүлөсүнүн, мугалимдин кысымы менен пайда болот. Эгерде окуучу маселени чечсе, анда бул
аракеттин сырткы мотиви: жакшы баа алуу каалоосу, жолдошторуна өзүнүн маселени чечүү көндүмдө
көрсөтүү, мугалимдин мактоолоруна жетишүү ж.б. болушу мүмкүн.Бул учурда ички мотив болуп: масел

чечүү процессине кызыгуу, чечүүнүн жолдорун табуу ж.б. эсептелет. Эгерде чоңдордун көзөмөлү жана эскертүүсүз мотив актуалдуу болбосо, анда ал окуучу үчүн сырткы болуп эсептелет. Билим берүүнүн жүрүшүндө мугалимдин окуучуда биринчи кезекте ички мотивдер калыптанышына умтулуусу зарыл.

3. Ийгиликке жетүүгө багытталган жана жол болбоодон качуу мотивдери. Престиждүү мотивация жана компенсатордук мотивация.

Жогорку жетишкендиктеги балдарда ийгиликке жетүүнүн мотивациясы –тапшырманы жакшы, туура аткаруу, керектүү жыйынтыкты алуу каалоосу ачык көрүнүп турат. Төмөнкү класстарда бул мотивация көпчүлүк учурда үстөмдүк кылуучу болуп калат. Ийгиликке жетүүнүн мотивациясы, таанып билүүчүлүк кызыкчылыктар менен бирге эле – эң баалуу мотив, аны престиждүү мотивациядан айрымалоо зарыл.

Престиждүү мотивация өзүн жогору баалаган жана лидерликке умтулган балдар үчүн мүнөздүү. Ал окуучуга классташтарынын арасынан жакшы окуунга, алардан өзгөчөлөнүүгө, биринчи болуунуга түрткү болот.

Эгерде престиждүү мотивация жетишээрлик өнүктүрүлгөн жөндөмдүүлүккө дал келсе, анда ал отличникти өнүктүрүүчү, өзүнүн жөндөмдүүлүгү жана эмгекти сүйгөндүгү менен жакшы окуу жыйынтыктарына жеткирүүчү күчтүү кыймылдаткыч болуп калат.

Эгерде эле престиждүү мотивация ортоңку жөндөмдүүлүктөр менен айкалышса, бала дайыма мойнуна албаган, өзүнө ишенбегендик жогорку деңгээлдеги тырышуу менен катар жолу болбогондук учурларда толкундануулarга алып келет.

жолдун болбошунан качуу мотивациясы. Балдар «экиден» жана андан кийин төмөнкү баага алып келүүчү натыйжалардан – мугалимдин наразы болуусунан, ата-энесинин тыю салуусунан качканга аракет кылышат.

Башталгыч классты аяктап жатканда жетишпеген окуучулар ийгиликке жетүү мотивинен жана жогорку баа алуу мотивинен куру жалак калышат (эч болбогондо мактоолорго ишенүүсүн улантат), ал эми жолдун болбоосунан качуу мотиви жаңы күчкө ээ болот.Тынчсызданууу, жаман баа алуу коркунучу окуу ишмердүүлүгүнө тескери эмоционалдык түс берет. Үчүнчү класстын жетишпегендеринин төрттөн бир бөлүгү аларда бул мотивдер үстөмдүк кылгандыктан окууга тескери мамиле кылат.

Компенсатордук мотивация. Бул учурга чейин жетишпеген окуучуларда өзгөчө компенсатордук мотивация келип чыгат. Бул окуу ишмердүүлүгүнө карата башка – спорт, музыка, сүрөт тартуу сабактарында, үй-бүлөнүн кичинекей мүчөлөрүнө кам көрүү ж.б. тармактарда өзүн көрсөтүүчү кошумча мотивдер.

Окуу мотивдеринин бардык түрлөрүн талдап көрүп, алардын калыптанышына жана өнүгүшүнө умтулуш керек болгон мотивдерди гана бөлүп көрсөтсө болот: жогорку деңгээлдеги таанып билүүчүлүк жана социалдык, ички жана ийгиликке жетишүүгө багытталган мотивдер. Бул окуучулардын окуу мотивациясынын өнүгүшүнүн жогорку деңгээлин аныктоочу мотивдердин жыйындысы. Же "жогорку окуу мотивациясынын универсалдык молекуласы".

**Адабияттардын тизмеси:**

1. Божович Л.И. Проблема развития мотивационной сферы ребенка // Изучение мотивации поведения детей и подростков / Под ред. Л.И. Божович, Л.В. Благонадежиной. М.: Педагогика, 1972
2. Безруких М.М., Ефимова С.П. Знаете ли вы своего ученика? – М.: Просвещение, 1991
3. Доровской А.И. Сто советов по развитию одаренности детей. – М.: Российское педагогическое агентство, 1997
4. Елфимова Н.В. Диагностика и коррекция мотивации учения у дошкольников и младших школьников. - М.: Изд-во МГУ, 1991.
5. Зайцев С.В. Личностно ориентированное обучение младших школьников // Директор школы. 2005. № 3. С. 56-65.
6. Маркова А.К. Пути исследования мотивации учебной деятельности школьников // Вопр. психол. 1980. № 5. С. 47-59.
7. Матюхина М.В. Мотивация учения младших школьников. М.: Педагогика, 1984.
8. Матюхина М.В. Особенности мотивации учения младших школьников // Вопр. психол. 1985. №1. С. 43-49.
9. Мильман В. Э. Внутренняя и внешняя мотивация учебной деятельности // Вопр. психол. 1987. № 5. С. 129-138.
10. Михайлова О.В. Учебная мотивация как один из критериев эффективности учебного процесса.//начальная школа плюс ДО и После.2010. №12

УДК. 371. 015

***Рыспаева Ч. К.***
Аспирант, И. Арабаев атындагы
Кыргыз мамлекеттик университети,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы,
e-mail:cholponram@mail.ru

## ОКУУ МОТИВАЦИЯСЫ ПСИХОЛОГИЯЛЫК- ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨЙГӨЙ КАТАРЫ

**Аннотация:** азыркы билим берүү процессинде биринчи планга окуучуларды жөн эле окутуу эмес, мотивациялык чөйрөнүн талапка ылайык түзүмүнө ээ окуучунун өздүгү процесстин активдүү катышуучусу катары аларга көлөмү дайыма жана кыйшаюусуз өсүп жаткан предметтик билим, ык жана көндүмдөрдү берүү болуп эсептелгендиктен макалада окуу мотивациясынын өзгөчөлүктөрү каралган. Окуучунун ишмердүүлүгүнүн негизинде жаткан мотивдердин мүнөзү гана анын окуу процессинде активдүүлүгүнүн багытын жана мазмунун, ишмердүүлүккө берилгендикти, демилгелүүлүктү, активдүүлүктү, болуп жаткандарга канааттангандыкты, окуу маалыматы жана бардык окуу ишмердүүлүгү ал үчүн жекече маанилүү экендигин аныктайт.

**Өзөктүү сөздөр:** мотив, мотивация, окуу мотивациясы, максат, иш- аракет, активдүүлүк.